**Э. О. Омурбековдун «Ош облусунун материалдары боюнча тиштенүү патологиясын дарт аныктоо жана дарылоо (мезиалдык окклюзия) жыштыгы, өзгөчөлүктөрү» темасында 14.01.14 - стоматология адистигиндеги медицина илимдеринин кандидаты диссертациялык иши учун илимий жетекчисинин**

# ПИКИРИ

Омурбеков Эсенбек Омурбекович 1993-жылы туулган, Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин стоматология адистигин, андан кийин интернатурасын аяктап, С. Б. Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу медициналык аспирантурасына тапшырган. Азыр Ош мамлекеттик университетинин медицина факультетинин терапевтикалык стоматология балдар терапевтикалык стоматология курсу менен кафедрасында улук окутуучу болуп эмгектенет.

Эсенбек Омурбековдун илимий ишинин актуалдуулугу, коюлган максаттар жана милдеттер так аныкталган. Алынган илимий жыйынтыктардын жаңылыгы жана практикалык мааниси далилденген.

Диссертацияда Ош облусундагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн ооз көңдөйүнүн негизги ооруларынын таралышы, интенсивдүүлүгү жана жаак-бет аймагындагы ортодонтиялык патологиянын абалы боюнча алгачкы жолу маалыматтар алынган. Изилдөөнүн негизинде мезиалдык окклюзияны дарылоодо телерентгенографияны (ТРГ) колдонуунун натыйжалуулугу көрсөтүлүп, заманбап диагностикалык методдор жана модификацияланган комплекстүү ортодонтиялык дарылоо ыкмалары сунушталган.

Диссертациялык иш жогорку илимий деңгээлин жана изилдөөчүнүн теманы терең өздөштүргөнүн тастыктаймын. Иштин Кыргыз Республикасынын стоматология клиникаларында колдонууга сунушталышы анын практикалык баалуулугун жогорулатат.

Э. О. Омурбековдун кандидаттык диссертациясынын негизги жоболору жазылган 5 илимий эмгеги бар. Ал демилгелүү максаттуу жана активдүү окумуштуу адис, жана 14.01.14 – стоматология адистиги боюнча медицина

илимдеринин кандидаты илимий даражасына татыктуу. Э. О. Омурбековдун окумуштуу жана клиника катары потенциялы Кыргызстандын калкына стоматологиялык жардам көрсөтүүнү өнүктүрүүгө жана жакшыртууга салым кошот деп ишенем.

Илимий жетекчиси
И. К. Ахунбаев атындагы
Кыргыз мамлекеттик
медициналык академиясынын
балдар стоматологиясы
бөлүмүнүн башчысы
м.и.д., профессор И. М. Юлдашев

Общий отдел

Подпись заверяю
зав. общим отделом
И.К. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК МЕДИЦИНАЛЫК АКАДЕМИЯСЫ
КЫРГЫЗСКАЯ ГОСУДАРСТВЕННАЯ МЕДИЦИНСКАЯ АКАДЕМИЯ ИМ. И.К. АХУНБАЕВА

9.01.2025 ж.